№1 Пеп. кеңеште каралды.

28.08.2018-ж.

«Бекитемин»
Директор

Жусупова Б. С.

**С. Чокморов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебине мектеп жашындагы балдарды кабыл алуу**

**ЖОБОСУ;**

1.Жалпы жобо.

1) Эркинбаев Шаршен атындагы Горно-Маевка ЖББ орто мектебине балдарды кабыл алуу КРнын Конституциясынын, КРнын «Билим берүү» закону, КРнын «Балдар жөнүндө» Кодексинин, КРнын өкмөтүнүн 12.09.2011-жыл №541 «Жалпы билим берүү уюмунун типтуу жобосу» жөнүндөгү токтомунун, КРнын өкмөтүнүн 14.11.1997-жыл №667 «Балдарды жана өспүрүмдөрдү катто жөнүндөгү инструкциясы», «Жалпы билим берүүчү мекемелердеги окуу мезгилиндеги гигиенталык талаптар» жөнүндөгү укук-нормативдик жана талаптардын негизинде жүрөт.

2) Бул жобо С. Чокморов атындагы ЖББ орто мектебине жалпы кабыл алууну тариздейт.

3) С. Чокморов атындагы ЖББ орто мектебине жынысына, рассасына, улутуна, тилине, тегине, диний тандоосуна, коомдук уюмга таандыгына, ден-соолугуна, социалдык абалына карабастан кабыл алуу жүргүзүлөт.

4) С. Чокморов атындагы ЖББ орто мектебине коңшу айылынын мектепке тиешелүү кичи участогундагы бардык балдар кабыл алынат.

5) Окуучуларды мектептин бардык баскычтарына кабыл алуу экзамендерисиз, эч кандай акча төлөмүсүз жүргүзүлөт

6) 1-11-класстарга кабыл алуу ата-эненин арызынын негизинде кабыл алынат.

7) С. Чокморов атындагы ЖББ орто мектебине жарандарды кабыл алууда зарыл учурда мектептин Уставы керек учурда мектептин ишин жетектөөчү башка документтер менен тааныштырат.

8) Билим алууга жалпы билими жок жарандар кабыл алынат:

-өз алдынча билим алган, бирок тастыктаган документи жок;

-башка билим берүү мекемесинен которулуп келген;

9) ЖББМне кабыл алууга жазылган ата-эненин арызы сөзсүз түрдө окуучунун өздүк делосунда сакталат

10) ЖББМне кабыл алуу жетекчинин буйругу менен жүргүзүлөт

11)ЖББМне кабыл алуу жүргүзүлбөсө, ата-энеге далили менен кагаз түрүндө жооп жөнөтүлөт.

2.1-кабыл алуу:

12) ЖББМне балдарды окутуу, башталгыч билим берүү программасы ден соолугунда карама-каршы көрсөткүчү болбогон 6-7 жашка толгон балдарга жүргүзүлөт.

13) Мектеп жшына жеткен жана ЖББМне бекитилген аймакта жашаган, даярдыгына карабастан бардык балдар кабыл алынат.

14) 1-класска комплектилөө ошол жылдын 1.08 нен 20.08 чейин жүргүзүлөт. Айрым учурда (баланын ооруп калган, ата-энесини көчүп келген ж.б) комплектилөө 5-сентябрьга чейин узар -тылат

15) ЖББМне бекитилген территорияда жашабаган , атуулдарды мектепке кабыл алууда баш тартуу, бош орун жок болгон учурда гана жүргүзүлөт.

16) ЖББМдеги 1-класстардын саны мектепте билим берүү процессин жүргүзүүгө түзүлгөн шарт, санитардык-эпидемиологиялык талапка жана финансылоонун нормаларына дал келүүсүнө жараша болот.

17) 1-класска кабыл алуу төмөнкү документтердин болуусунда жүргүзүлөт:

- ЖББМнин наамына ата-эненин атынан арыз;
- бекитилген үлгүдөгү медициналык карта (Ф-26. Ф-63)
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- ата-эненин паспортунун көчүрмөсү;
- ИННдин көчүрмөсү;
- сүрөт 3*4
- баланын жашаган жерин тастыктаган документ (справка);
- мектепке кабыл алынган учурда ден соолугу тууралуу справка;

3. 2 -9 жана 11-класска окуучуларды кабыл алуу:

18) ЖББМне 2-9 жана 11-класстын окуучуларын кабыл алуу жалпы билим берүүчү мекеменин лицензиялык шартына, санитардык норма жана эрежелерге, о.э ЖББМнин Уставына жана бош оорундардын болуусуна ылайык жүргүзүлөт.

19) 2-9 жана 11-класстын окуучуларын кабыл алуу төмөнкү документтердин болуусу менен жүргүзүлөт:

- ЖББМнин жетекчисинин наамына ата-энелердин арызы;
- окуучулардын өздүк делосу;
- окуучу кабыл алынган мезгилдеги билим берүү мекемесинин жетекчисинин печаты коюлган аттестациялоо учурундагы жыйынтык баа (ЖББМне окуу жылынын ичинде кабыл алынган)
- бекитилген үлгүдөгү медициналык карта (Ф-26. Ф-63)
- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн же паспортунун көчүрмөсү:
- ИННдин көчүрмөсү;

- баланын жашаган жерин тастыктаган документ (справка);

- мектепке кабыл алынган учурда ден соолугу тууралуу справка;

4. 10-класстын окуучуларын кабыл алуу:

20) ЖББМне окуучуларды кабыл алуу, Уставдын негизинде кайрадан кабыл алынган окуучу сыяктуу ата-эненин арызынын негизинде кабыл алынат

21)ЖББМне 10-класска негизги билими тууралуу күбөлүгү бар окуучулар кабыл алынат

22) 10-класска кабыл алууда төмөнкү документтер керек:

- ЖББМнын жетекчисине ата-энелерден арыз

- негизги билими тууралуу күбөлүк

- белгиленген үлгүдөгү медициналык карта(Ф-26,Ф-63)

- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүк же паспорттун көчүрмөсү

- ата-энесинин паспортунун көчүрмөсү

- баланын жашаган жерин тастыктаган документ(справка)

23) 10-классты комплектилөөдө ошол окуу жайдан 9-классты бүткөн окуучулар 1-кезекте кабыл алынат, башка ЖББМнен келгендер бош орун болгон учурда кабыл алынат

5. Талаш маселелерди чечүү жолдору

24) Атуулдарды кабыл алуудагы талаш суроолор ЖББМнин түзүүчүсү --------аркылуу жөндөлөт. Түзүүчү кабыл алуудагы талаш маселелерди чечүүнү карай турган комиссия түзүү укугуна ээ. Комиссия РБББ тарабынан түзүлөт.